ABBYY PDF Transformer 2.0
Click here to buy
www.ABBYY.com

БАЙМЫРЗАЕВ
nbknu@mail.ru

**ЖАЗУУЧУ Ө.ДАНИКЕЕВДИН “КӨКӨЙ КЕСТИ” РОМАНЫНЫН КӨРКӨМ ДҮЙНӨСҮ**
**(4-макала)**

Эл жазуучусу Ө.Даникеевдин “Көкөй кести” романы өткөн XX кылымдын 80-жылдарынын башында “Кыргызстан” басмасы тарабынан жарык көрүп, ошондон бери мезгилдүү басма сөз беттеринде ал жөнүндө бир нече адабий сын макалалар, рецензиялар жарыяланып, алардын баарында бир ооздон анын идеялык-көркөмдүк деңгээли бийик, кийинки жылдардагы кыргыз романистикасындагы бараандуу чыгарма экендиги баса белгиленип келген. “Көкөй кести” романы 1986-жылы республикалык Токтогул атындагы Мамлекеттик сыйлыкка көрсөтүлүп, анын татыктуу ээси катары көпчүлүккө таанылды. “Көкөй кести” романы согуш учурундагы оорук (тыл) турмушун сүрөттөгөн чыгарма. Кыргыз адабиятында да бул күнгө чейин согуш темасында көп эле чыгармалар жазылды, келечекте да жазыла бермекчи. Бирок, ошондой болсо да жазуучу Ө.Даникеев өзүнө чейин көпчүлүк тамшанган бул түбөлүктүү теманы өз алдынча, өзүнө таандык ыкмада гана чечүүгө жетише алган. “Көкөй кести” – адам турмушунун адабий намысын, моралдык жана нравалык жан дүйнөсүнүн тунуктугун, анын улуулугун көркөм изилдеген терең философиялуу чыгарма болуп саналат. Кан күйгөн согуш жылдары, андагы айыл чарбанын ал-абалы, элдин ошондогу тарыхый мезгилинен тартып, биздин күндөргө чейинки реалдуу турмушу бул романдан орун алган. Көрүнүп тургандай, азыркы кыргыз романынын мезгилдик жана мейкиндик аралыктары, элдин реалдуу турмушун тегиз камтуу, бери болгондо орчундуу, маанилүү этаптарын толук сүрөттөө аракети ишеничтүү жана жетишерлик эле деңгээлде иштелген. Албетте, проблеманы көтөрүү, же козгоо менен иш бүтпөйт эмеспи. Маселе аны иш жүзүнө ашырууда т.а., реалдуу турмушту көркөм чындыкка айландырууда турат. Реалдуу турмуш менен көркөм чындыктын ортосунда өлчөнбөгөн айырмачылык жатканы жана ал айырмачылыкты жоюу ар дайым эле оңунан чыга бербейт. Тагыраак айтканда, эң эле сонун максат менен көзөмөлдөнгөн идеялык-тематикалык проблема романдык формага төп келбей, карандай үгүт-насыяттын, эмпирикалык баяндоонун айлампасында калган учурлар да кездешет. “Көкөй кести” романында сүрөттөлгөн мезгил, окуялар согуш күндөрүнө туура келет. Андагы катышкан каармандар согуш өртүн аралап, кан төгүшүп согушпайт. Мында жагдай, шарт өтө татаал, ары жооптуу. Метеостанцияда иштеген үч аял, кары кемпир, жаш кыз жана талма ооруулуу Мурат “Чоң Жер” менен байланышы үзүлүп, алыскы аскалуу тоолордун арасында калган. Ашуу бек, байланыш үзүлгөн. “Көкөй кести” романы мына ушундай айласыз абалда калган алты адамдын тагдыры жөнүндө. Алардын бар болгон иштеген иши-метеостанцияда бузулгандан калган (башында баары эле өз ордунда, талаптагыдай иштеп жаткан-Б.Б) аппараттардын, көрсөткүчтү аныктоочу каражаттардын берген (көрсөткөн) маалыматтарын кагазга түшүрүп туруу. Муну романдын баш каарманы Мурат бир барып-келип эле бир күндө бүтүрүп турат. Чындыгында мындан башка жумуш жок. Бир караган окурман үчүн кантип эле ушундан маанилүү, өзүнчө чоң романдык мазмун жана сюжет жаралсын деген ой, ишенбөөчүлүк пайда болушу мүмкүн. Көрсө, маселе окуяда эмес, айласыз шартта калган адамдардын ички дүйнөсүндө, бири-бирине жасаган мамилесинде экен. Булардын өз ара карым-катышы күндөлүк жашоо-тиричилигинен башка, эң негизгиси жалпы максатка, жалпы кызыкчылыкка байланышкан. Мурат менен анын аялы Сакинайдын, экөөнүн тең күйөөлөрү фронтто жүргөн Гүлшан менен Дарийканын, Айша апа менен кичинекей Изаттын баарынын, тилеги, максаты бир, кандай болсо да метеостанциянын ишин так аткаруу. Мындан башка булар эч нерсе билишпейт. Согуштун ал-абалы кандай, дүйнөдө, ал тургай айылда эмне болуп жатат, булардан алар

эч бир кабарсыз. Көргөн – бакканы жарымы бузулуп, жарымы эптеп иштеп жаткан метеостанциянын прибордук көрсөткүчтөрү. Ушул көрсөткүчтөр кандай болсо да, илим үчүн, реалдуу турмуш үчүн кереги бар деп ишенишет. Мурат иштеген ишинин жыйынтыгы канчалык пайдасы бар экенине өзүнүн да түшүнүгү жете бербейт. Бирок, ушул өзү аткарып жаткан билинбеген иш качандыр бир убакта илим үчүн, турмуш үчүн сөзсүз керек, пайдалуу экенине чын дилинен ишенет. “Көкөй кести” романында Ө.Даникеев өз каарманы Муратты жана башка да аял каармандарын уламдан улам кыйындыкка такап, эл башына түшкөн мүшкүлдү чыныгы турмуштук кырдаалдарда ачып берет. Бул жагынан автордун өзүнө таандык жөндөм-чеберчилиги ачык эле байкалат. Аталган роман жөнүндө адабиятчы К.Ибраимов: “... Көкөй кестидеги” көзгө адеп урунган бир өзгөчөлүк ушул-автор анда ошо уруш учурундагы оорукта эмгектенген элдин эмпириялык өмүр-жашоосу менен татаал тарткылыгынын көптөгөн өрнөктүү да, жана ошондой эле көйгөйлүү да жагдайларын уникалдуу деп айтаарлык ашкан зор жалпылама көркөм моделге сыйдырып көрсөтө алган. Ушундан улам аны “роман-ситуация” же “эксперимент-роман” деп атоого болор эле”[1] деген өз оюн айтат. Ал ушундан көп өтпөй эле адабиятчы, академик А.Эркебаевдин ушул жаңы жарык көргөн чыгарма жөнүндөгү бир макалаласы “Советтик Кыргызстан” гезитине жарыяланып, анда автор аталган романдын жанрдык өзгөчөлүгү жөнүндө өзүнүн төмөнкүдөй пикирин билдирген эле: “Романдын парадоксалдуулугу, автордун устаттыгы дал ушунда: адаттан тыш кырдаалда калган советтик адамдардын тагдырын, ички дүйнөсүн адаттагыдай, демейдегидей эле ишенимдүү сүрөттөп бергендикте. Ушул мааниде “Көкөй кестини” эксперименттик роман же роман-эксперимент деп атоого болор эле”.[2] Чындыгында эле бул айтылган пикирлерге кошулбай коюуга болбойт. Айтылып өткөндөй мында эч кандай жасалмалуулук жок. Ал эми турмушту, адамдар арасындагы татаал байланыштарды нукура көркөмдүк жактан реализациялоо, ишке ашыруу романдык формада өздөштүрүү, бул анчейин гана ар түрдүү көрүнүштөрдүн, окуялардын тизмеги, информациялык жыйынды, бул баарынан мурда турмуштун, адамдын көркөм концепциясы десе болот. Демек, муну жаратуу үчүн окуянын сырткы белгилерин окшоштуруп, реалдуу турмуштагыдай планда көркөм сүрөттөөгө жетишкен. Натыйжада,жасалмасыз, апыртмасыз турмуштун чыныгы картинасы, каармандардын жан дүйнөсү, кайгысы жана кубанычы менен көз алдыга тартылат.

Кыргыз аялдарынын өзгөчө согуш жылдарындагы сабырдуулугу, чыдамдуулугу, кайраткер эмгекчилдиги, айкөл, боорукер кайрымдуулугу Айша апа, Дарийка, Сакинай, Гүлшандардын образдарында жазуучу тарабынан реалисттик маанайда ишке ашкан. Бул жөнүндө эл жазуучусу Ж.Мавлянов өз макаласында авторду “Ата Мекенинин алдындагы милдетин ар кандай кыйынчылыкка карабастан ак өтөөгө бел байлаган адамдардын тобу менен тааныштырды, мындай жазуучу окурмандарынын алкышына, демек, ар кандай сыйга да, сыйлыкка да татыктуу”[3] – деп баалайт. Чындыгында жазуучу Ө.Даникеев өзүнө гана таандык өзгөчөлүктөргө ширелген жаңычыл мүнөздөгү чыгарма жаратты десе болот. “Көкөй кести” романы автордун эле жеке чыгармачылыгындагы ийгилиги эмес, ошол XX кылымдын 80-жылдарындагы кыргыз романистикасындагы урунттуу көрүнүштөрдүн бири катары көрүнөт. Бул жөнүндө белгилүү адабиятчы, профессор С.Жигитов өз мезгилинде: “Ө.Даникеев да көпчүлүк элден үч-төрт жыл окчун жашоого мажбурланган кишилердин экстремал да, шарттуу да жагдайда жашоо өзгөчөлүктөрүн, жүргөн-тургандарын, кылган-эткендерин, айткан-дегендерин логикалык, психологиялык, эстетикалык жактан ынанымдуу, кынтыксыз, таасирдүү бере алган. Ошондуктан “Көкөй

---

[1] Ибраимов К. «Көкөй кестинин» көркөм философиясы. «Кыргызстан маданияты», 1985-ж., 20-июнь.
[2] Эркебаев А. Ишеним менен жашагандар. «Сов.Кырг-н», 1985-ж., 13-июль.
[3] Мавлянов Ж. «Милдет, парз деп…», «Советтик Кыргызстан», 1986-жыл, 13-август.

ABBYY PDF Transformer 2.0 Click here to buy www.ABBYY.com

кести” романы улуттук адабияттын алтын фондусунан орун алгыдай деңгээлде чыккан деп баа берген эле. Адамдардын асылдыгы жөнүндө айтуунун ар кандай ыкмасы, жол-жобосу болот эмеспи. Бул жерде жазуучу Ө.Даникеев өзүнүн айрым калемдештеринен өзгөчөлөнүп, чыгарманын духу менен көз жүгүртүп көргөндө алардан обочо туруп, тээ алыстагы тоолордун адам баспаган таштуу жолдорунда биринчи жолу чыйыр салууга жасаган аракети кандайдыр бир деңгээлде жүзөгө ашып, чыгармачылык изденүүнүн өзүнчө керемет сыры менен аралашып, драмалуу окуялардын илеби менен аяктайт. Ал эми аталган романдын алгылыктуу жактары жөнүндө адабиятчы К.Ибраимов жогоруда көрсөтүлгөн макаласында “Көкөй кести” романы жөнүндө жеткиликтүү адабий талдоо жүргүзүп, анын жанрдык өзгөчөлүгүнө (“роман-ситуация”) токтолуу менен анда негизинен үч маселени баса белгилейт. Биринчиси – согуштун алааматы, адамдардын башына салган мүшкүлү. Экинчиси – согуштагыдай бекем тартип, жоопкерчилик. Үчүнчүсү – эч бир мыйзамга (биздин жашоодогу – Б.Б.) баш ийбеген табияттын өзүнүн мыйзамы. Макаланын автору мына ушул маселелерге байланыштуу түзүлгөн жаңы сюжеттик өзгөчөлүк, структуралык жаңылануу бар экенин баса белгилеп көрсөтөт. Макаланын аягында автор болгон, бардык трагедияга жалгыз эле согуш күнөөлүү болбостон, адамдар өздөрү да күнөөлүү деген ойду айтып, анын мисалы катары Муратты көрсөтөт. Мураттын алсыздыгы, (алсыз болушунун башкы себеби-талмалуу ооруусу – Б.Б) мунун башкы себеби деген көз карашын билдирет.[5] Бирок, адабиятчы, ф.и.к. К.Ибраимовдун бул пикири менен бардык эле адистер макул боло бербейт. Андай пикирлердин айрымдарына токтолсок, адабиятчы, доцент С.Тиллебаев өзүнүн “Бир жылдын үч романы” деген аталыштагы макаласында[6] жазуучу Ө.Даникеевдин “Көкөй кести” романы жөнүндө өзүнүн ой-пикирлерин ортого салуу менен адабиятчы, сынчы К.Ибраимовдун жогоруда айтылган пикирине кошулбай турганын төмөнкүдөй нукта билдирет: “К.Ибраимов “Көкөй кестинин” көркөм философиясы” аттуу макаласында чыгармага ар тараптуу мамиле жасоо менен карапайым окурманга байкала бербеген катылуу сырларын ары далилдүү, ары ишенимдүү ачып берген. Сынчынын “Көкөй кестинин” көркөм структурасынан орун алган “... автордун туюнтайын деген идеялык-эстетикалык концепциясына ичкериден стереоскопиялык сын-сыпат берип турган... сыйымдуу ассоциациялык мотивдер менен семантикалык моделдер” жөнүндөгү айткандары, айтып гана тим болбой аларды алаканга салгандай кылып көрсөтүп бергени, биринчиден, роман катынган не бир асыл баа белгилердин башын ачып берсе, экинчиден, сын дегениң тек гана көркөм чыгармага жасалган комментария эмес, өз жүзү, өз өңү бар төл чыгарма болуш керектигинин дагы бир мисалы. Ырас, канча болгон менен бу макалада да бир «бирок» бар. Бул чыгармадагы өзөктүк каарман Муратка байланыштуу болгон иштин баарына өзүн себепкер ойлогон Мураттын… чыныгы, реалдуу зарылдык менен абстрактуу, жалпы зарылдыктын» ортосундагы диалектикалык алака-катнаштын оош-кыйыш кырдаалдарын ойдогудай аңдап, ажырата албаганына», «жаштыгы, тажрыйбасыз тайкылыгы, чала сабаттыгы жана алды-артын карабаган ашынган фанатизми аралжы болгонун» туура көрсөтүп келип, «Мураттын мунусуна эң алды менен анын эс талмалыгы, жарым жандыгы себепкер болду дейт сынчы К.Ибраимов. Бул айтылган пикирдин биринчи жарымы канчалык кадиксиз чындык болсо, экинчи жарымы адилдиктен ошончолук алыс турат».[7] Ошондой эле аталган роман соңку жылдардагы (ошол 80-жылдардагы – Б.Б) «Кыргыз романынын активинде, оң флангасында турган

---

[4] Жигитов С. «Көкөй кести» менен «Кыздын сыры» адабият тарыхында кала турган акысы бар… «Агым», 2004-ж, 17-декабрь, 10-бет.
[5] Ибраимов К. «Көкөй кестинин» көркөм философиясы. «Кыргызстан маданияты», 1985-ж., 20-июнь.
[6] Тиллебаев С. Бир жылдын үч романы. «Кырг. маданияты», 1986-ж., 13-март. №11, 4-5-беттер.
[7] Тиллебаев С. Жогоруда аталган макаласында.

чыгармалардын катарында турарын»[8] таасын белгилеген айтылуу сынчы К.Асаналиевдин пикирине үндөшө жазылган сынчы К. Эдилбаевдин обзордук макаласында[9] «… романдын туюнтуу ыкмасы монологдук формага басымдуу ыктап турганын көрөбүз» деп келип, андан ары; «айрым учурда монолог формасы рационалдык ой жүгүртүүгө өтүп кеткени, натыйжада эмоция экинчи сапка сүрүлүп калып, чыгарма рационализмдин элементтерине дуушарланып калганы бар» деп көрсөтөт. Ал эми ушул эле айтылган ой-пикирди бекемдөө ирээтинде адабиятчы С.Тиллебаев өзүнүн жогоруда айтылган көз карашын андан ары мындайча улантат: «Ырас, ¤.Даникеев бул романында не деген гана «өнөрлөрдү» колдонбогон, ошолордун бири мына ушул баяндоонун монологдук формасы. Бул форманы колдонуу, албетте, тек гана көп түстүүлүккө умтулууну билдирбейт, а тескерисинче, жазуучу бул аркылуу каармандын тигил же бул учурдагы ал-абалына, айлана-чөйрө, курчап турган дүйнө, дегеле аалам жөнүндөгү жүрөк түпкүрүндө катылуу сырларына ортоктош болууга укук алат. Анан калса бул ыкма эмоцияны биринчи планда алып жүрүүнү да милдет кылып албайт. Монологдо «баары жоктун баары» болот. Мунун пайда болуш, чыгармадан келип «орун алыш» чоо-жайы да ар түрдүүчө»[10] - экенин өзүнчө өңүттөн карап, баалайт. Ошондой эле дагы бир белгилеп кетүүчү нерсе-романдын башка формада, нукта иштелгендиги, стилдик өзгөчөлүгү жана автордук ой жүгүртүүнүн масштабдуулугу өтө жөнөкөй ыкмада берилгендиги болуп саналат. Бул жерде жөнөкөй дегенибиз, чыгармадагы окуялар кадимки турмуштук фактылардын негизинде эле курулуп, улам өсүп-өнүгүп олтурат. Болгону сюжетик линиянын багыты өзүнүн ырааттуулугу менен айырмаланат. Чындыгында романдагы негизги идеянын масштабдуулугу, кенендиги өз ичине чоң окуяларды, адам тагдырларынын ар түрдүү кырдаалдарын ийкемдүү сыйдырып олтурат. Баарынан да окурманды өзүнө тартып алуудагы сыйкырдуу күч-алты эле адамдын (бири жаш наристе) улуу тоолордун арасындагы жашоо-турмуштарынын, кулк-мүнөздөрүнүн, келечекке болгон умтулууларынын жана башка көз караштарынын кылдаттык менен сүрөттөлгөндүгүндө. Жазуучу Ө.Даникеев бир эле мейкиндиктеги бир топ адамдардын бири-бирине жасаган мамилелерин көрсөтүүнү максат кылуу менен жалпы адамзаттык мамилелерди чечип берет.

**Адабияттар:**


1. Асаналиев К. Көркөмдүктүн реалдуулугу жана иллюзиясы. (Экинчи макала) «Кыргызстан маданияты», 1985-ж., 4-апрель.
2. Жигитов С. «Көкөй кести» менен «Кыздын сыры» адабият тарыхында кала турган акысы бар… «Агым», 2004-ж, 17-декабрь, 10-бет.
3. Ибраимов К. «Көкөй кестинин» көркөм философиясы. «Кыргызстан маданияты», 1985-ж., 20-июнь.
4. Мавлянов Ж. «Милдет, парз деп…», «Советтик Кыргызстан», 1986-жыл, 13-август.
5. Ибраимов К. Жогоруда аталган макаласында
6. Тиллебаев С. Бир жылдын үч романы. «Кырг. маданияты», 1986-ж., 13-март. №11, 4-5-беттер.
7. Эдилбаев К. Жанрдын жаңылануу процесси. «Кырг. Маданияты», 1985-ж., 24-февраль.
8. Тиллебаев С. Жогоруда аталган макаласында.
9. Эркебаев А. Ишеним менен жашагандар. «Сов.Кырг-н», 1985-ж., 13-июль.
10. Тиллебаев С. Жогоруда аталган макаласында


[8] Асаналиев К. Кµркµмдіктін реалдуулугу жана иллюзиясы. (Экинчи макала) «Кыргызстан маданияты», 1985-ж., 4-апрель.
[9] Эдилбаев К. Жанрдын жаңылануу процесси. «Кырг. Маданияты», 1985-ж., 24-февраль.
[10] Тиллебаев С. Жогоруда аталган макаласында.

ABBYY PDF Transformer 2.0
Click here to buy
www.ABBYY.com
ABBYY PDF Transformer 2.0
Click here to buy
www.ABBYY.com